**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР
МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ АЙМАКТЫК МЕДИЦИНАЛЫК КОЛЛЕДЖИ**

**«Каралды жана бекитилди»**
Пед. жана мет. кеңешменин
отурумунда
2025-жылдын 30.09
№ 1 протоколу

БЕКИТЕМ
ОАМКнын директору
Юлдашева С.Э.
_______________
«30» 09 2025-ж.

# ПРЕДМЕТТИК-ЦИКЛДИК КОМИССИЯ(ПЦК) ТӨРАЙЫМЫНЫН КЫЗМАТТЫК НУСКАМАСЫ

**Ош – 2025/2026 жж.**

AnyScanner

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Предметтик-циклдик комиссиянын (ПЦК) төрагасы медициналык колледждин директорунун буйругу менен дайындалат жана кызматтан бошотулат.
1.2. ПЦК төрагасы өз ишинде Кыргыз Республикасынын билим берүү мыйзамдарын, мамлекеттик билим берүү стандарттарын, саламаттыкты сактоо тармагындагы нормативдик актыларды жана колледждин ички жоболорун жетекчиликке алат.
1.3. ПЦК төрагасы түздөн-түз окуу иштери боюнча директордун орун басарына баш иет.
1.4. ПЦК төрагасы медициналык жана педагогикалык жогорку билимге, ошондой эле иш тажрыйбасына ээ болушу керек.

**2. Кызматтык милдеттери**

ПЦК төрагасы төмөнкү милдеттерди аткарат:

- ПЦКнын ишин пландоо, уюштуруу жана координациялоо;
- ПЦКнын жылдык жана жарым жылдык иш планын түзүү жана аткарылышын көзөмөлдөө;
- Комиссиянын жыйындарын өткөрүү, протоколдорун жүргүзүү;
- Медициналык дисциплиналар боюнча окуу-методикалы киштин уюштуруу;
- Окуу-методикалык комплекстерди (силлабус, жумушчу программалар, окуу куралдары) иштеп чыгууга жетекчилик кылуу;
- Теориялык жана практикалык сабактардын сапатын көзөмөлдөө;
- Студенттердин билимин баалоо үчүн тесттик материалдарды, экзамендик суроолорду, ОСКЭ (объективдүү структураланган клиникалык экзамен) материалдарын даярдоону уюштуруу;
- Өндүрүштүк жана окуу практикаларын уюштурууга көмөк көрсөтүү жана көзөмөлдөө;
- Жаш окутуучуларга методикалык жардам берүү жана насаатчылык (наставничество) иштерин жүргүзүү;
- Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу иштерин уюштуруу;
- Медициналык мекемелер менен кызматташтыкты камсыз кылуу;
- Студенттердин контингентин сактоо жана тарбиялык иштерге катышуу;

- Аккредитация жана лицензиялоо процесстерине тиешелүү документтерди даярдоого катышуу.

**3. Укуктары**

ПЦК төрагасы төмөнкү укуктарга ээ:

- ПЦК мүчөлөрүнөн окуу жана методикалык иштер боюнча маалыматтарды талап кылууга;
- Окуу процессин жакшыртуу боюнча сунуштарды жетекчиликке киргизүүгө;
- Сабактарга катышууга жана анализ жүргүзүүгө;

- Окутуучулардын ишмердүүлүгүн баалоого катышууга;
- ПЦК жыйындарын жана методикалык семинарларды уюштурууга.

**4. Жоопкерчилиги**

ПЦК төрагасы төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик тартат:

- ПЦКнын ишинин сапаттуу жана натыйжалуу жүргүзүлүшү үчүн;
- Окуу-методикалык документтердин өз убагында даярдалышы үчүн;
- Медициналык билим берүүнүн стандарттарына ылайык окуу процессинин уюштурулушу үчүн;
- Студенттердин билим сапаты үчүн;
- Эмгек тартибин жана ички эрежелерди сактоо үчүн.

**5. Өз ара байланыш**

ПЦК төрагасы:

- Окуу бөлүмү, администрация жана башка түзүмдүк бөлүмдөр менен тыгыз кызматташат;
- Медициналык уюмдар (ооруканалар, клиникалар) менен практикалык окутуу боюнча иш алып барат;
- Окутуучулар, студенттер жана өндүрүштүк практика жетекчилери менен өз ара байланышта иш жүргүзөт.

ГКД ПЦКнын төрайымы: Папишова А.Б.

ОАМКнын директору: Юлдашева С.Э.